КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

01. 02.2024 № 322/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” автоматташтырылган маалыматтык системасы аркылуу балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу жөнүндө**

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо” автоматташтырылган маалыматтык системасы (мындан ары – “Электрондук каттоо” АМС) аркылуу балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу максатында **буйрук кылам:**

1. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо» автоматташтырылган маалыматтык система жөнүндө” Жобого өзгөртүүлөр киргизилсин жана тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. 2024-2025-окуу жылына карата 2024-жылдын апрель айынан баштап жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына балдарды кабыл алуу “Электрондук каттоо” АМС аркылуу жүргүзүлсүн.

3. Санарип трансформациялоо бөлүмү (Шаршенбай уулу Н.) Мамлекеттик “Санарип берүү борбору” мекемеси менен бирге (Бабаев Б.Н):

– “Электрондук каттоо” АМСтин колдонуучулары үчүн нускамаларды электронндук, видео иштеп чыксын;

– “Электрондук каттоо” АМСке керектүү маалыматтарды киргизүүнү жана анын үзгүлтүксүн иштешин камсыздасын;

– “Электрондук каттоо” АМС боюнча техникалык колдоо көрсөтүп, суроолорго жооп берүү үчүн колл-центр уюштурсун.

4. Мектеп, мектептен тышкаркы жана кошумча билим берүү башкармалыгы (А.Д.Жапаров), Санарип трансформациялоо бөлүмү (Шаршенбай уулу Н.) жана Мамлекеттик “Санарип берүү борбору” мекемеси (Бабаев Б.Н) жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына балдарды “Электрондук каттоо” АМС аркылуу кабыл алуу боюнча жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн (башкармалыктарынын) башчылары жана жооптуу адистери үчүн окутуу семинарларды өткөрүшсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин пресс - кызматы (Г. Уметалиева) ата - энелер, коомчулук арасында балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-классына кабыл алуу тартиби жөнүндө маалымат компаниясын жүргүзсүн.

6. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү департаменти, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, райондук (шаардык) билим берүү бөлүмдөрүнүн, жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

– 2024-жылдын 27-февралынан баштап 2024-жылдын 15-мартына чейин 2024-2025-окуу жылына карата окутуу тилин эске алуу менен жалпы билим берүү уюмдарынын 1-класстарынын квоталарын бекитип, “Электрондук каттоо” АМСка киргизишсин;

– ата-энелер арасында балдарды жалпы билим берүү уюмдарынын 1-класстарына кабыл алуу тартиби жөнүндө маалымат компаниясын жүргүзүшсүн;

– “Электрондук каттоо” АМС боюнча окутууларды уюштурууга жана өткөрүүгө көмөк көрсөтүшсүн;

– микроучастокторго бекитилген жалпы билим берүү уюмдарында муктаждыкка ылайык кыргыз/орус класстарын ачууну камсыздашсын;

– балдардын жана ата-энелердин керектүү документтерин иретке келтирүү боюнча тиешелүү мамлекеттик органдар менен иш алып барууга көмөк көрсөтүшсүн.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Министрдин орун** КАНЦЕЛЯРИЯ **М.У. Касымалиев**

Көчүрмөсү туура
01.03.2024

Приложение

УТВЕРЖДЕНО
приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики
№ 322/1
от «01» 02 2024 года

# ПОЛОЖЕНИЕ
## об автоматизированной информационной системе «Электронная запись детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики»

### 1. Общие положения

1. Настоящее Положение об автоматизированной информационной системе «Электронная запись детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики» (далее – Положение) определяет основные цели, задачи и порядок функционирования автоматизированной информационной системы «Электронная запись детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики», а также права, обязанности и ответственность ее участников для поступления в первый класс детей в государственные и муниципальные общеобразовательные организации Кыргызской Республики (далее – общеобразовательные организации).

2. Настоящее Положение разработано в соответствии с Конституцией Кыргызской Республики, Кодекса Кыргызской Республики о детях, законов Кыргызской Республики «Об образовании», «О государственной статистике», «Об информации персонального характера», «О статусе военнослужащих», «О государственных гарантиях этническим кыргызам, переселяющимся в Кыргызскую Республику», «О порядке рассмотрения обращений граждан», а также постановлений Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении стандартов государственных услуг, оказываемых физическим и юридическим лицам государственными органами, их структурными подразделениями и подведомственными учреждениями» от 3 июня 2014 года № 303, «Об утверждении Типового положения об общеобразовательной организации» от 12 сентября 2011 года № 541, «Об утверждении Положения о порядке выявления детей и семей, находящихся в трудной жизненной ситуации» от 22 июня 2015 года № 391, «Об утверждении Типового положения о Комиссии по делам детей» от 24 июля 2017 года № 449, «Об утверждении Инструкции о порядке учета детей школьного и предшкольного возраста» от 19 июня 2017 года № 388, Положении «О Министерстве образования и науки Кыргызской Республики» от 5 марта 2021 года № 72.

Тиркеме

Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим министрлигинин
2024-жылдын "01" шартынды
№ 322/1 буйругу менен
БЕКИТИЛГЕН

**«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо» автоматташтырылган маалыматтык система жөнүндө**
**ЖОБО**

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо" автоматташтырылган маалыматтык системасы жөнүндө Жобо (мындан ары - Жобо) "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына балдарды электрондук каттоо" автоматташтырылган маалыматтык системасынын негизги максаттарын, милдеттерин жана иштөө тартибин, ошондой эле балдардын Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүү уюмдарына (мындан ары - жалпы билим берүү уюмдары) биринчи класска кирүүсү үчүн анын катышуучуларынын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" Кодексине, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик статистика жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Жеке мүнөздөгү маалымат жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Аскер кызматчыларынын статусу жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасына көчүп келүүчү этникалык кыргыздарга берилүүчү мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө", Кыргыз Республикасынын "Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө" мыйзамдарына, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы № 303 "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана ведомстволук мекемелери тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө", 2011-жылдын 12-сентябрындагы № 541 "Жалпы билим берүү уюму жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу", 2015-жылдын 22-июнундагы № 391 "Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй-бүлөлөрдү табуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу", 2017-жылдын 24-июлундагы № 449 "Балдардын иши боюнча комиссия жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу", 2017-жылдын 19-июнундагы № 388 "Мектеп жана мектепке чейинки курактагы балдарды эсепке алуунун тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралуу" токтомдоруна жана